## *ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР*
## *ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *LEGAL SCIENCES*

*Көкөева А.М.*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УКУКТУК МАДАНИЯТЫ МАМЛЕКЕТТИН ӨНҮГҮШҮНҮН НЕГИЗИ КАТАРЫ

*Кокоева А.М.*

# ПРАВОВАЯ КУЛЬТУРА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА КАК ОСНОВА РАЗВИТИЯ ГОСУДАРСТВА

*A.M. Kokoeva*

# LEGAL CULTURE KYRGYZ PEOPLE AS THE BASIS OF THE STATE

*УДК: 340.32.019*

*Макалада эгемендүүлүк алган көз карандысыз өз алдынча мамлекет катары таанылган, Кыргыз Республикасынын жарандарынын, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, жаштардын укуктук аң-сезими, укуктук маданиятынын бүгүнкү күндөгү абалы изилденген. Ошондой эле укуктук маданиятты камсыздоодогу көйгөйлүү маселелер, өткөн мезгилдер менен азыркы учурдагы салыштырма анализ жүргүзүлүп, укуктук аң-сезимди, укуктук маданиятты калыптандырууну өнүктүрүүнүн кээ бир жолдору каралып, улуу окумуштуулардын ой-пикирлерин камтуу менен мамлекеттин өнүгүшүндө укуктук маданияттын орду жана ролу жогору экендиги крстүлгн. Жаштардын укуктук маданиятынын негизги суроолору, өнүгүү жолдору жана формаларынын азыркы абалы, кыргыз элинин укуктук маданиятындагы көйгөйлөр каралган. Укуктук маданият мамлекеттин социалдык-экономикалык, саясий, укуктук абалын жакшыртуунун негизи экендиги белгиленген. Изилдөнүн жыйынтыктары илимий-теориялык максаттарда, усулдук сунуштарды жана мыйзам чыгаруу ишин иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.*

***Негизги сөздөр**: укуктук маданият, коом, эл, жарандар, жаштар, укуктук аң-сезим, укуктук ченем актылары, укук коргоо органдары, милдет.*

*В данной статье исследованы роль и место правовой культуры граждан Кыргызской Республики, сотрудников правоохранительных органов и молодежи, который признан независимым, суверенным государством. Также были рассмотрены проблемные вопросы обеспечения правовой культуры, проведен сравнительный анализ прошлого и настоящего, рассмотрены некоторые пути развития правового сознания, формирования правовой культуры, отмечена высокая роль и место правовой культуры в развитии государства, включая мнения великих ученых. Рассмотрены основные вопросы правовой культуры молодежи, современное состояние форм и путей развития, проблемы правовой культуры кыргызского народа. Установлено, что правовая культура является основой улучшения социально-экономического, политического и правового положения государства. Результаты исследования могут быть использованы в научно-теоретических целях, при разработке методических рекомендаций и законотворческой деятельности.*

***Ключевые слова**: правовая культура, общество, народ, граждане, молодежь, правосознание, нормативно-правовой акт, правоохранительные органы, обязанность.*

*This article examines the role and place of legal culture of citizens of the Kyrgyz Republic, law enforcement officers and youth, which is an independent, sovereign state. They also considered the problematic issues of legal culture, a comparative analysis of the past and present, considered some ways of development of legal consciousness, the formation of legal culture, noted the high role and place of legal culture in the development of the state, including the opinions of great scientists. The main issues of legal culture of the youth, the current state of forms and ways of development, the problems of legal culture of the Kyrgyz people are considered. It is established that the legal culture is the basis for improving the socio-economic, political and legal status of the state. The results of the research can be used in scientific and theoretical purposes, in the development of methodological recommendations and law-creative activity.*

***Key words:** legal culture, society, nation, citizens, youth, legal consciousness, normative legal act, law enforcement agencies, duty.*

Кыргыз эли улуу байыркы элдердин бири катарында руханий дөлөттөрдү кылымдан-кылымга, муундан муунга маданиятын сактоо менен коомдо өнүгүү менен жашап келе жатат. Кыргыз эли мамлекет катарында калыптанып, бүгүнкү абалга жетүү

үчүн ар кандай тарыхый окуяларды, саясий бурулуштарды басып өтүү менен көз карандысыздыкка ээ болду. Көз карандысыз өз алдынча мамлекет болуп жарыяланып, Конституция кабыл алып, анын негизинде ченемдик укук актыларын иштеп чыгуу аркылуу демократиялык, укуктук, социалдык мамлекет катарында дүйнө элине таанyла баштады. Кыргыз мамлекети укуктук мамлекет катары Конституцияда жарыялангандан соң, ар бир жаран өзү кулк милдеттерин так аткарып, коргоого алуу аркылуу укуктук маданияттык алып тандырууга багытталды.

Бирок ошого карабасатан, мамлекетибиз көз карандысыздыкты алгандан кийин, мурдагы калыптанып калган укуктук аң-сезим, укуктук маданият базар экономикасына өткөн шарттарда жарандарыбыз руханий, моралдык жактан аябагандай көйгөйлүү көрүнүштөргө дуушар болушту. Анткени коомчулук бир баары, баары бир үчүн деген негизде калыптанып калган аң-сезимди жеке, өзүмдүк түшүнүгүн айландырууда, коомчулук маданий укуктук аң-сезимди калыптандыра албай базар экономикасына өткөндүгүн жыйырма жылдан ашык болсо дагы көн албай, руханий кыйналууда. Башкача айтканда улуу муундагы СССР мезгилиндеги жарандар менен азыркы муундун өкүлдөрүнүн ортосунда моралдык карама-каршылыктар келип чыгууда. Ошол себептүү, укуктук маданиятты калыптандырууда бир катар маселелер жаралууда. Улууну сыйлоо, кичүүнү ызаттоо сыяктуу кыргыз элинин принциптүү салттары, азыркы муун тарабынан «менин конституциялык укугум» деген түшүнүктүн башкача калыптануусу аркылуу иш жүзүн ашып жаткандыгы ачык-айкын көрүнүш.

Укуктук маданият – коомдун же жеке инсандын жалпы маданиятынын бир блүгү, коомдогу субъектилердин өз ара укуктук мамилелеринин этикасы. Жарандардын укуктук таанып билүүсүнүн, маданияттуу билиминин калыптанышы катары таанууга болот. Улуу окумуштуулардын аныктамаларын карап кр турган болсок: Укуктук маданият – бул укуктун аракеттенүү чөйрөсүн таандык болгон, затташтырылган жана идеалдык маданий элементтердин тутуму жана алардын адамдардын аң-сезиминде жана жүрүм-турумунда чагылдырылышы (А.Р. Ратинов). Америкалык азыркы кездеги юристтердин бири Л.Фридмен өзүнүн «Америка укугуна киришүү» аттуу китебинде мындай деп жазат: «Укуктук маданият – бул коомдук турмуштун барометри ошол эле учурда тигил же бул мыйзамдын практикада канчалык колдонулушун, же бузулушун анын кантип кыянат пайдаланылышын аныктаган коомдук күч болуп эсептелет. Укуктук тутум укуктук маданиятсыз жашай албайт [1].

Ата мекендик юрист окумуштуу **юридика илимдеринин кандидаты, доцент Урмат Аманалиевдин укуктук маданиятка арналган баяндамасындагы кээ бир пикирлерге токтолсок:** «Укуктук билим байыркы мезгилден бери коомчулукка кеңири тараган. Ал коомдо укук тууралуу, жүрүм-турум тууралуу билүүнүн негизи. Бекеринен айтылбаса керек, «мыйзамды билбөө жоопкерчиликтен бошотпойт» деп. Ошондуктан укукту аңдап билүү билим тутумунда негизги эле мент катары каралуусу бүгүнү күндүн талабы. Себеп дегенде укуктук билимдин дарамети астында инсан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинде көрсөтүлгөн укуктук мамлекет жана анын негизги башталгычы деп эсептелген принциптерин эске алуу менен өзүнүн жүрүм-турумун бекем демекчи. Эгерде инсан мындай түшүнүктн алыс болсо анда укуктук мамлекетти куруу жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес» [2].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, укуктук маданиятты өнүктүрүүгө багытталган изилдөөлөрдү окмуштуулар жүргүзүүдө. Коомдо укуктук маданиятты жакшыртуу бүгүнкү күндүн көйгөйлүү маселелери катары калууда. Бул маселелерди чечүү үчүн коомчулукту укуктук маданиятты өнүктүрүүгө багытталган укуктук үгүттөө иштерин жүргүзүү зарыл. Массалык маалымат каражаттары, интернет түйүндөрү аркылуу укуктук тартипти, укуктук аң-сезимди, укуктук маданиятты калыптандыруу үчүн ченем актылары боюнча кеңири маалыматтык базаны камсыздап жайылтуу иштерин күчтүү керек, Жаштарга укуктук маалыматты камсыздоого тарбиялоо иштерин өнүктүрүү зарыл. Ал үчүн бала бакчада, мектеп программаларында укуктук маданиятты окутуп үйрөтүү үчүн семинардык окууларды уюштуруу зарыл. Кыргыз мамлекетинин келечеги билимдүүү илимдүү жаштардан көз каранды. Мамлекетибиздеги укук коргоо органдарынын кызматкерлери, өкүлдөрү кызмат абалына тиешелүү болгон иш-аракеттерди, башкача айтканда укук эркиндиктерди коргоо менен гана чектелет. Акыркы мезгилдерде көзөмөл, текшерүү абалы күчөтүлгөндүгүн карабастан кылмыштуулук, укук бузуулар, мектептеги рекетчилик, эң орчундуу маселелер катарында жаштар, өспүрүм курактагылар арасында күчөп күндөн-күнгө өсүүдө. Ошондуктан жаштардын, өспүрүмдөрдүн укуктук аң-сезимин, укуктук маданиятын калыптандыруу үчүн бардык социалдык тармактардын өкүлдрү жалпы колго алуу менен катышуусу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, мамлекетибиздин өнүгүшү укуктук мамлекетти куруу үчүн, укуктук маданият негиз катары экендигин таанып билип, жарандардын укуктук маданиятын жогорку деңгээлге көтөрүү үчүн жоопкерчиликтүү ар бирибиз жогоруда көрсөтүлгөн кээ бир керектүү аракеттерди көрүүбүз шарт.

Укуктук маданиятты калыптандырууга бардык шарттарды түзүү менен укуктук пропаганданы, укуктук окутууну, башкача айтканда укуктук тарбиянын тариздерин күчөтүп, укуктук тартипти камсыздоо зарыл. Анткени укуктук тарбияны камсыздоо аркылуу, укуктук тартип, укуктук маданият калыптанат.

**Адабияттар:**


1. Матузов Н.И., Малько А.В. Мамлекет жана укук теориясы: Окуу китеби. - 232-бет.
2. Аманалиев У. Укуктук билим берүү жана укуктук маданият - мамлекеттеги негизги көйгөйлөрдүн бири. Булак: Де-Факто.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Бакирова Ш.М.**